# НАРЫН РЕГИОНУНУН МЕКТЕП МУГАЛИМДЕРИНИН КРЕАТИВДҮҮЛҮГҮНҮН ПРАКТИКАЛЫК АСПЕКТИДЕ АНЫКТОО

**КАЛЧАЕВА Н.**

Учурдагы мектеп мугалимдердин креативдүүлүгүнүн абалын аныктоо боюнча Нарын областындагы мектеп мугалимдерине тренинг өтүлдү. Тренингдин алкагында мугалимдердин креативдүүлүгүнүн абалын аныктоо үчүн сексен суроодон турган тест берилди. Тест сегиз бөлүктүн туруп ар бир бөлүмдө ондон суроо болду.

1.Анкетанын алгачкы бөлүгү болуп «**Мугалимдин чыгармачылык ойлонуусу»**.Тесттин суроолору төмөндөгүдөй болду;

1.Жаңы нерселерди жаратууга болгон себептер жөнүндө, Сиз ойлоносузбу?
2. Сиз өзүңүз кабыл алган чечимдин натыйжасын кандай болоорун ойлоносузбу?
3. Стандарттуу эмес абалда чыгармачылык ойлонууну талап кылган жумуш сизди чарчатабы?
4. Проблеманын үстүндө иштөө үчүн, анын четин эле айтса, Сизге жетиштүүбү?
5.Татаал маселени чечүүдө натыйжалуу варианты тандоодо бардык варианттарды эске аласызбы?
6.Конфликтүү проблеманын көптөгөн терс жыйынтыктарын ойлоп табуудан кыйналасызбы?
7.Чыгармачылык ишмердүүлүгүңүздүн баардык этаптарын ойлоносузбу?
8.Адамдын чыгармачылык ишинде кандай жашыруун себептер катылган деп ойлойсуз?
9.Сиз чыгармачылык ишмердүүлүгүңүздүн жетишкендиктердин жана жетишпегендиктердин себептерин ойлоносузбу?
10.Сиз айрым бир бөлүктөр аркылуупроцессти толук кандуу калыбына келтире аласызбы?

Бул бөлүмдүн жыйынтыгы кийинки талицада көрсөтүлдү.

Таблица 2

| | Азыркы учурда | Келечекте |
|---|---|---|
| Төмөн | 25 | 20 |
| Орто | 65 | 55 |
| Жогору | 10 | 25 |

Тесттин жыйынтыгы көрсөтүп тургандай көпчүлүк мугалимдердин чыгармачылык ойлонуусу азыркы мезгилде 65% үлүштү көрсөтсө келечекте андан да жогорулаарын көрсөтүштү.

2.Тесттин кийинки бөлүгү **«Мугалимдердин кызыгуусу».** Бул бөлүмдүн суроолору;

1. Сиздин бир нерсеге болгон кызыгууңуз, Сизге кошумча жагымсыздыкты жаратпайбы?
2.Жаңы нерсени таанып билүү тобокелчилик менен байланыштуу болсо, ал Сизди кызыктырбай калабы?
3. Сиз бардык нерсени терең түшүнүп жатканыңызды, айланадагылар белгилешеби?
4.Бала кезиңиздеги философиялык суроолорго кийин жооп таптыңызбы?
5.Көпкө чейин жаңы нерсе жаратпасаңыз, Сизди канаттанбаган сезим кыйнайбы?
6.Жаңы нерсе билүү үчүн жумушуңуздагы келечекти тобокелге саласызбы?
7. Кээде буюмдун кандай иштээрин билүү үчүн, аны чечип карагыңыз келеби?
8.Кошунаңыздын кандай жашаары Сизди кызыктырабы?
9. Эгерде укпаган сөздү уксаңыз, аны сөздүктөн издейсизби?
10.Сиз өзүңүздүн ата-тегиңизди изилдегенди каалайдыңыз беле?

Жыйынтыгы таблицада берилди.

Таблица 3

| | Азыркы учурда | Келечекте |
|---|---|---|
| Төмөн | 25 | 15 |
| Орто | 65 | 70 |

| | | |
|---|---|---|
| Жогору | 10 | 15 |

Бул бөлүмдө таблицада көрүнүп тургандай мугалимдердин көпчүлүк бөлүгү азыркы мезгилде орто, келечекте өзгөрүү болгону менен азыркыдан айырмасы жок.

3. Тесттин үчүнчү бөлүгү төмөнкү багытта болду **«Мугалимдин оргиналдуулугу».**Суроолор төмөндөгүдөй түзүлдү;

1. Сизде жакшы нерсени эле, андан ары оргиналдуу жакшыртуу багытында каалоо пайда болобу?
2.Буюмдарды өзүнүн максатынан башка багытта натыйжалуу колдондуңуз беле?
3.Сиздин бир нерсеге кызыгууңуз анда санда гана болобу?
4.Иш боюнча Сиздин көмөктөшүңүздүн тобокелдүү сунушу, ага болгон кызыгууну жоготобу?
5. Кыйнчылык менен ишке ашышына карабастан, тапкычтыкты талап кылган ишти жакшы көрөсүзбү?
6. Бир өзгөчө нерсени жаратуу кыйынчылык туудурганына карабай жазайсызбы?
7.Сиз иштелип чыккан планды ишке ашыруу процессинде аны өзгөртүүгө аракет кыласызбы?
8.Өзгөчө көз караштагы адамдар менен пикир алышууну каалайсызбы?
9.Сизди жашоону салтуу көз караш менен караган адамдар кызыктырабы?
10.Сиздин эмне жөнүндө кыялданаарыңызды таанышыңыз билсе, Сизди апенди деп ойломок беле? Жыйынтыгын кийинки таблицада көрсөтүлдү.

Таблица 4

| | Азыркы учурда | Келечекте |
|---|---|---|
| Төмөн | 40 | 20 |
| Орто | 40 | 55 |
| Жогору | 20 | 25 |

Бул жерден мугалимдердин оргиналдуулугу жогорку көрсөткүчтү бере алган жок.Мугалимдердин 55% үлүшү гана келечекте оргиналдуулугу ортočо болоорун көрсөтүштү.

4. Азыркы мезгилдин мугалими элестетүү менен гана иш алып баруусу керектелет. Тесттин кийинки бөлүгү булл багытта берилген **«мугалимдин элестетүүсү».**

Суроолор;

1.Укмуштуудай жаңы нерсени жаратуу менен Сиз белгилүү болууну каалайсызбы?
2.Сиз кандайдыр бир узак чыныгы окуя айтып жатып, арасына жаңы нерсени ойлоп таап кошуп айттыңыз беле?
3.Чыныгы окуяга байланыштуу адаттан сырткаркы образдар пайда болобу?
4.Башка шаарда жана башка мезгилде жашооңуз жөнүндө Сизде фантазия барбы?
5.Өзгөчө проблемаларга кезиккенде, Сиз ал проблемени келечекте кантип чечүүнү алдын ала биле аласызбы?
6.Сиз эч качан болбогон жерди алдын ала элестетүү кыйынбы?
7.Сиз балдарга арнап жомок жаратасызбы?
8.Качандыр бир кезде мураска ээ болуу жөнүндө кыялдандыңыз беле?
9.Ыр жазасызбы?
10.Сиз өзүңүздүн карыган кезиңизди элестетүү татаалбы?

Тесттин жыйынтыгы кийинки таблицада көрсөтүлдү.

Таблица 5

| | Азыркы учурда | Келечекте |
|---|---|---|
| Төмөн | 50 | 35 |
| Орто | 50 | 55 |
| Жогору | | 10 |

Мугалимдин кызыгуусу азыркы учурда жакшы көрсөткүчтү бере алган жок, келечекте өзгөрүүлөр болгону менен алар дагы канаттандыраарлык эмес.

5. Ар бир педагог боло турган окуя жөнүндө алдын ала билүүсү керек. Кийинки бөлүмдө **«мугалимдин интуициясын»** карадык. Бешинчи бөлүмдүн суроолору төмөндөгүдөй болду;

1.Сиз абдан коопту абалда чыгуу үчүн интуицияга эле ишенесизби?

2.Кыйын кырдаалдан чыгууда Сиз интуицияга караганда акыл эске ишенесизби?

3. Кээде Сиз трубканы ала электе ким коңгуроо кылып жатканын сезесизби?

4.Сизге алдыда боло турган окуянын натыйжасын кандай болоорун билүүкыйынчылыкты туудурабы?

5.Качандыр бир кезде көргөн түшүңүз туура келди беле?

6.Көптөн бери жолукпаган адамды эстегенде, күтүүсүздөн ошол адам телефон чалып же кат жөнөткөн учур болду беле?

7.Кандайдыр бир түшүнүксүз себептер менен Сиз кээ бир адамдарга ишенбей каласызбы?

8.Сизге чоочун адамды биринчи эле көргөндө мүнөзүн билүү татаалб?

9.Тааныган адамыңызды карап туруп анын кийинки жашоосу кандай болоорун айтуу кыйынбы?

10.Интуицияңыздын тынчсызданганына байланыштуу тааныш эмес адам менен жолугушуудан чочуйсузбу?

Таблица 6

| | Азыркы учурда | Келечекте |
|---|---|---|
| Төмөн | 65 | 60 |
| Орто | 35 | 35 |
| Жогору | | 5 |

Бул таблицада көрүнүп тургандай мугалимдердин дээрлик 65% үлүшүнүн интуициясы төмөн, келечекте деле азыркыдан көп деле айырмачылыгы жок.

6. Профессионал педагог окуу процессинде ар түрдүү кырдааладардан эмоциясын колдонуп чыгып кете алат. Бул багытта кийинки бөлүмдө **«мугалимдин эмоциясын»** карадык. Суроолору;

1. Кофликтүү абалда эмоционалдык тынчсыздануудankачып кутуулуга болот деп ойлойсузбу?

2.Чыгармачылык ишмердүүлүгүңүз Сизге эмоционалдык канаттандырууну алып келеби?

3.Сиз башка, чоочун балдардын эмоциясына кош көңүл менен карайсызбы?

4.Сиз жаңы иштин башында эмоциялык эргүүнү сезесизби?

5.Чыгармачылыкта өзүнүн каалоосуна жетпей калган адамдын көңүлү менен тең бөлүшөсүзбү?

6.Алданып калган адамдын көңүлүн көтөрөсүзбү?

7.Сизди алдап кетишсе абдан кайгырасызбы?

8.Жакыр адамдарга ортоктош болосузбу?

9.Сиз көчөдөгү чыр чатактарда эмоцияңызды анда санда гана көрсөтөсүзбү?

10.Адамдардын жашоосундагы драмалуу окуяларга күбө болуп,Сизде дагы андай окуялардын болгонун сезесизби?

Тесттин жыйынтыгы таблица 7 де көрсөтүлдү;

Таблица 7

| | Азыркы учурда | Келечекте |
|---|---|---|
| Төмөн | 20 | 25 |
| Орто | 65 | 55 |
| Жогору | 15 | 20 |

Тесттин жыйынтыгында көрүнүп тургандай мугалимдердин көпчүлүгү эмоциясы орто деңгээлде экенин көрсөтүштү, келечекте дагы эле ушундай көрүнүш.

7. Ар бир педагог өзүндөгү өзгөрүүгө дайыма көңүл буруп маанайы көтөрүңкү жүрүшү керектелет. Бул бөлүмдө **«мугалимдин тамаша көйдүгүн»** карадык. Суроолор төмөндөгүдөй болду;

1. Сизди бирөө тамашалап жатса, Сиз дагы тамаша менен жооп бере аласызбы?

2.Сиз өзүңүздү өзүңүз тамашалап жана өзүңүзгө өзүңүз кҮлгөндү жакшы көрөсүзбү?

3.Сиздин жолуңуз болбой калса, ага күлөсүзбү?
4.Коноктордун көңүлүн көтөрүү максатында алдын ала тамаша же тамашалуу окуяны даярдайсызбы?
5. Кыйын кырдаалдан чыгуу үчүн тамашаны колдоносузбу?
6.Сиз өзүңүз күлкүлүү окуяларды жана анекдотторду ойлоп таба аласызбы?
7.Тагдырыңызга жараша айтылган азилге таарынасызбы?
8.Айланаңыздагылар Сизди акылдуу адам деп эсептешеби?
9.Кыйын кырдаалдан күлкү менен чыгып кетүү кыйынга турабы?
10.Башка жанрлардын арасынан Сиз комедияны жактырасызбы?

Таблица 8

| | Азыркы учурда | Келечекте |
|---|---|---|
| Төмөн | 60 | 40 |
| Орто | 35 | 60 |
| Жогору | 5 | |

Бул жерде көрүнүп тургандай мугалимдер тамашаны колдонуп татаал маселелерден чыгууну өздөштүрүшкөн эмес, келечекте өзгоруулөр болгону менен жакшы көрсөткүчтү бере алган жок.

8. Тесттин акыркы бөлүгү болуп «**мугалимдин процесске багыттуулугу**»
Суроолору;
1.Эгер Сизге көп чыгармачыл эмес, бирок эмгек акысы жогору жумуш сунушталса жумуш ордуңузду алмаштырасызбы?
2.Сиз кызыккан ишмердүүлүктүн айланасындагы жаңы нерсе жараттыңызбы?
3.Сиз жаңы билим алыш үчүн ыңгайсыз болсо дагы атайын өтүлүүчү сабакка барат белеңиз?
4.Профессионалдуу ишмердүүлүгүңүздө түзүлгөн абалдан чыгуунун жаңы жолдун күтүүсүздүгү Сизди чарчатабы?
5.Кесипти чыгармачылык жөндөмүңүзгө карап тандагансызбы?
6.Эгерде, Сиз жумушуңуздан ажырап калсаңыз жашоого болгон кызыгууңуз жоголобу?
7.Сиздин кесибиңиз курчап турган дүйнөнү жакшыртаарын сезесизби?
8.Сиздин профессионалдуу чыгармачылыгыңызда көптөгөн жетишпегендиктер болгонбу?
9.Сиздин жумушуңузда ийгиликке жетүү мүмкүн болсо, анда тобокелчиликке барасызбы?
10.Чыгармачылык профессионалдык өнүгүү менен коштолушу керекпи?

Таблица 9

| | Азыркы учурда | Келечекте |
|---|---|---|
| Төмөн | 40 | 25 |
| Орто | 60 | 65 |
| Жогору | | 10 |

Окуу процессинде мугалимдин оргиналдуу жүрүм турумдарга ээ болгондо гана окуу процесси эмоционалдык багытта жүрөт. Таблица 9да көрүнүп тургандай азыркы учурда мугалимдердин профессияга болгон багыттуулугу орто, келечекте айрым мугалимдер профессияга болгон багыттуулугу жакшыраарын көрсөтүштү.